

# КӨРКӨМ ӨНӨР

4

Д. Акматов, А. Багдасарян



# КӨРКӨМ ӨНӨР

4

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Д. А. АКМАТОВ, А. А. БАГДАСАРЯН

# КӨРКӨМ ӨНӨР

Башталгыч мектептин 4-классы
үчүн окуу китеби

Биринчи басылышы

Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлиги тарабынан сунушталган

Бишкек
2015

УДК 373.167.1
ББК 85.1я721
А 40

**Акматов Д. А., Багдасарян А. А.**

А 40 **Көркөм өнөр.** Башталгыч мектептин 4-кл. үчүн окуу китеби. – Б.: Билим-компьютер, Зангак-97, 2015. – 72 б., илл.

ISBN-978-9967-31-380-4

Бул окуу китебинде балдарды сүрөт тартуунун ыкмалары менен таанышт ырып, алардын дүйнө таанып-билүү шыгын арттырууга багыт берүүчү сабактар топтоштурулду.

**А 4306021700–15**

**УДК 373.167.1**
**ББК 85.1я721**

ISBN-978-9967-31-380-4

© Акматов Д., Багдасарян А., 2015
© «Билим-компьютер», 2015
© «Зангак-97», 2015
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

*Урматтуу биздин жаш достор!*

Силер үч жылдан бери сүрөт тартууну үйрөнүп келе жатасыңар. Бул убакыттын ичинде көп нерсени үйрөнүүгө жетиштиңер. Силер көркөм каражаттар менен таанышсыңар, аларды колдонгонду билесиңер. Сүрөт тартуунун жана көлөмдүү нерселерди жасоонун кээ бир көндүмдөрүнө ээ болдуңар. Ошондой эле силер көптөгөн белгилүү сүрөтчүлөрдүн чыгармалары менен тааныштыңар. Биз силерге көркөм өнөр сабагын кызыгуу менен үйрөнөсүңөр деп ойлойбуз.

Канчалык көбүрөөк жана көңүл коюп окуп үйрөнсөңөр, көркөм өнөр силерге ошончолук кызыктуу боло баштайт.

Төртүнчү класстан силер көркөм өнөр боюнча билимиңерди жана көндүмдөрүңөрдү мындан дагы тереңдетип, көркөм өнөрдүн түрлөрүн жана жанрларын айырмалоо менен бирге аткарылган жумуштун кандай жол менен ишке ашкандыгын, тигил же бул чыгарманын көркөмдүк сапаттарын баалоого үйрөнөсүңөр.

Силер жаратылыштын, курчап турган айлана-чөйрөнүн коздугун баамдап билип, алардагы өзгөрүүлөрдү мурдагыдан да тереңирээк байкап, баалап, көрө аласыңар.

Эң алгач сүйүктүү мекенибиз Кыргызстандын мыкты өнөр инсандарынын андан соң ар кайсы доордогу дүйнө элдерине таанымал сүрөтчүлөрүнүн, архитекторлорунун, скульпторлорунун чыгармалары менен таанышуу силер үчүн ар дайым кызыктуу болуп, билимиңерди арттырат.

Силерге бул окуу жылында жана мындан ары да чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз.

*Авторлор*

Средняя общеобразовательная школа №86
БИБЛИОТЕКА

## Көркөм өнөргө керектүү каражаттар


кагаздар



альбом


жөнөкөй жана түстүү карандаштар


кыл калемдер



акварель боёктору


өчүргүч


пастель


калем сап


тушь


пластилин


гуашь боёктору


стектер


чопо, пластилин менен иштегенге тактайча

**Гигиена жана коопсуздуктун эрежелерин унутпайлы!**


*Түрдүү көркөм каражаттар менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин жана тазалыкты сактагыла.*

## «Түшүм» натюрморту

1–2-сабактар

Натюрморт жанры менен силер мурдагы сабактардан таанышсыңар.

Динара Исраилованын «Гүл натюрморту» деген чыгармасында жергебиздеги берекелүү күз мезгили сүрөттөлгөн. Натюрморт жанрында жансыз, кыймылсыз нерселер сүрөттөлөрүн эсибизден чыгарбайлы.



Динара Исраилова. *Гүл натюрморту*


Бул жанрды дагы тереңирээк өздөштүрүүгө аракет кылып көрөлү.

Күз – түшүмдөрдү жыйноонун убагы. Мол түшүм жыйноо элдерге чоң кубаныч алып келет. Ошондуктан алар жыл сайын түшүм майрамын белгилешет. Ал эми биз силер менен майрамдык маанайдагы натюрмортту тартууга аракет кылалы.

Биздин натюрморттун башкы максаты – токчулукту жана майрамдык маанайды көрсөтүү. Сүрөттүн көркөмдүү болушу үчүн мунун баарын кантип чагылдыруу керектигин ойлонолу. Сүрөттү тартууда тиешеси жок нерселерди тартпастан, түшүмгө байланыштуу гана нерселерди тандап алышыбыз керек. Тактап айтканда, биз «Түшүм» темасына маңыздуу натюрморт түзүүбүз керек.




Илья Машков. *Натюрморт*



Питер Класс. *Натюрморт*

Биз натрюмортту түзүү үчүн алгач өлкөбүздө кандай жашылчалар, жемиштер, дан өсүмдүктөрү өсөөрүн тактап алышыбыз керек. Натюрмортко эң эле көп нерселерди чогулта берүүдөн алыс болуу керек. Мааниси аркылуу бири-бири менен байланышкан нерселерди тандап алып, аларды майрамдык маанайды бергидей, салтанаттуу көрүнгүдөй айкалыштыруу керек.

Силердин алдыңарда XVII кылымда жашап өткөн голландиялык сүрөтчү Питер Класстын натюрморту.

Үстөлдүн үстүндө көп деле нерсе жок, бирок, сүрөтчүнүн көрүүчүлөр менен бөлүшөйүн деген оюн түшүнүүгө болот. Ал тургай биз бул натрюморттун темасына карата аңгеме түзсөк да болот. Сүрөттө күз мезгили экендиги сезилип турат, бирок сүрөтчү күзгү түшүмдүн сүрөтүн тартпастан, адамдар алардан эмне даярдагандыгы чагылдырган. Тарелкадагы нан буудайдын түшүмүнөн кабар берет, ал эми бокалдагы жемиштин ширеси анын артындагы бир шиңгил жүзүм аларды бекемдеп тургансыйт. Табактагы балык мол балык улоодон кабар берет, ошондой эле бул дасторкондун ээлери деңизге жакын жашагандыгын көрсөтүп турат.

Өзүңөр байкагандай, сүрөтчү сүйлөбөй туруп эле көп нерсени сүрөт аркылуу, натюрморттун жардамы аркылуу түшүндүрө алды. Бул сүрөт өзүнүн алтын түстүү күзгү боёктору менен биздин жан дүйнөбүзгө майрамдагыдай кубанычтуу маанайды тартуулады.




Иван Хруцкий. *Гүлдөр жана жемиштер*

Натюрморттун устаты орус сүрөтчүсү И. Хруцкийдин кийинки «Гүлдөр жана жемиштер» натюрмортунда предметтер көп өлчөмдө болсо да анын баары өзгөчө сүйүү менен тартылган.

Сүрөтчү ар бир предметти, ар бир бөлүкчөсүн бирдей кылдаттык менен тизмектеп тарткан, мунун баарын өтө тактык менен такталып аткарылган бирдиктүү композицияны түзөт. Эгер биз бул натюрмортко бир нерсе кошуп же ала турган болсок, бул композициянын бүтүндөй гармониясын бузуп алуубуз мүмкүн.

Бүгүнкү күндөгү сүрөтчү Юсуфхай Елизаровдун натюрмортунда адатта чыгыш базарларында жолуктурулуучу жаңы түшүмдөрдүн – жемиштердин жана жашылчалардын тобунан көрүүгө болот. Натюрмортто коон-дарбыздар кесилген, алар чыгарманын көрүүчүлөрүн окуянын чыныгы катышуучусу кылып, бул ширин кесимдерден даам сызып кетүүгө чакырып тургансыйт.



Юсуфхай Елизаров. *Натюрморт*

**Тапшырма**

Бул тапшырма үчүн гуашь менен иштөөнүн техникасын тандоо өтө ыңгайлуу. Анткени ал ишти көркөмдөп ачык боёктор менен аткарууга мүмкүндүк берет. Алгач аткарылуучу сүрөттүн композициясынын эскизин жөнөкөй карандаш менен тарткыла. Эгер силер класста натюрморт түзө турган болсоңор, аны бир нече сүрөттөрдү тартуу менен аларды баракка кантип жайгаштыруу керектигин ойлонгула. Андан соң боё иштерине киришкиле.

Үйдөн өз алдыңарча жашылча-жемиштердин майрамдык маанайдагы натюрмортун түзүүгө аракет кылгыла. Алардан эмнелер жасаларын ойлонгула. Мүмкүн натюрмортто ошолордон даярдалган азыктарды катыштырсаңар болот. Мисалы: буудайдан нан жабат, жемиштерден кыям жасалат ж. б.

Сөзсүз түрдө нерсенин өзүнөн көрүп (натурадан) тарткыла.





Альфред Сислей. *Жүзүм жана жаңгактар менен натюрморт*

## Чен-өлчөмдөгү шайкештиктер. Масштаб жөнүндө түшүнүк

3–4-сабактар

Сүрөт тартууда жаратылыштагы айлана-чөйрөлөрдүн салыштырмалуу көлөмдөрүн сүрөткө туура берүү өтө маанилүү. Келгиле, салыштырмалуу көлөм деген эмне экендигин тактап алалы.


Муну мисалдын негизинде тактайбыз. Чөйрөнүн объектиси катары адамдын фигурасын алабыз. Эгерде аны кылдаттык менен карасак, биз бардык адамдардын денесинин кээ бир бөлүктөрү бири-бириникине салыштырмалуу түрдө бирдей өлчөмдө экендигин байкайбыз. Мисалы, ээктен төбөгө чейинки баштын көлөмү, адамдын тулку боюнда жетиден сегиз эсеге чейин жайгашат, бирок үч же жыйырма жолу жайгашуусу мүмкүн эмес. Эгерде адамдын бардык дене бөлүгүн өлчөп жана алардын өлчөмдөрүн өз ара салыштырсак, анда бул биздин планетадагы бардык адамдар үчүн бирдей болот. Бул салыштырмалуу дал келүүчүлүктөрдү **чен-өлчөмдөгү шайкештиктер** деп атайбыз.



Кандай гана нерсенин сүрөтүн тартпайлы сүрөттөп жаткан фигураны чоң же кичинекей көлөмдө бергендигибизге карабастан, биз дайым чен-өлчөмдөгү шайкештиктерди сакташыбыз керек. Бул өлчөмдөгү **шайкештик** пропорция деп да аталат.

Эгерде жандуу объекттерде (жаныбарлар, канаттуулар, адамдар) чен-өлчөмдөрдүн шайкештиги дайыма сакталса, башка объекттерде ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы, формасына жараша бир кумаранын өлчөмү экинчи бир башка көлөмдөгү кумаранын формасы жана көлөмүнөн салыштырмалуу айырмаланып турат. Качан гана биз бирдей нерселерди чоң жана кичине кылып сүрөттөгөн учурда алардын анык көлөмүн элестетүү үчүн масштаб жөнүндөгү түшүнүктү колдонобуз. Биз көпчүлүк учурларда масштабын кичирейтип же чоң сүрөттөгүлө деп дайыма айтканыбыз менен бардык чен-өлчөмдөрдү жана пропорцияны сакташыбыз керек.

### Адамдын бет түзүлүшүн чагылдыруу



Портретте адамдын бетин тартууда чен-өлчөмдөгү шайкештиктерге же пропорцияга ээ болгон баштын бөлүгү катары кароо керек. Муну сүрөт тартуудан мурда билип алуу пайдалуу.

Негизинен баштын көлөмүнүн жазыраак жагы өйдө каратылган жумурткага окшош. Беттин пропорциясы төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн. Эгерде алды жагынан карасак, көздүн тушундагы сызыктары бетти ээктен төбөгө чейин эки тең бөлүккө бөлүп турат.

Эгерде ылдыйкы бөлүгүн дагы эки бөлүккө бөлсөк, анда ал сызыкта мурундун учу келет. Ооздун сызыгы мурундун учу менен ээктин ортосунда жайгашат. Кулактар каштын сызыгынан баштап, мурундун сызыгына чейин жайгашат.


Ортоңку вертикалдык сызык бетти эки тең бөлүккө (оң жана сол) бөлүп турат. Бул сызыктар **симметрия октору** деп аталат. Бул түшүнүк силерге көп жолу кездешет, ошондуктан жакшылап түшүнүп алгыла.

Адамдын бет түзүлүшүнүн негизги пропорцияларын эстеп калгыла.

Сүрөт-схеманы карагыла.

**Тапшырма**

Жакындарыңардын кимдир бирөөсүнүн портретин тарткыла. Ал адамдын өзүн карап (натурадан) тартканыңар жакшы болот. Класста эки-экиден болуп, бири-бириңердин сүрөтүн тартсаңар да болот. Бул тапшырманы жөнөкөй, жумшак карандаш менен аткаргыла. Беттин бири-бирине окшош өлчөмдөрү тууралуу эстегиле. Портретти тартып бүткөндөн кийин барактын арткы бетине ошол эле портретти элестетип тартып көргүлө, унутуп калсаңар кайра натурадан же мурда тартылган сүрөттөн карасаңар болот. Бүткөндөн кийин эки сүрөттү салыштырып, кетирген катаңарды жана калып калган жерлерин тапкыла.



Иоанн Даниил Прейслердин окуу китебинен таблица. 1834-ж.





Микеланджело Буонарроти. *Мадонна Питти*

*5–6-сабактар*

Сүрөт өнөрүнүн кеңири тараган көркөм каражаттары – май боёк, акварель, гуашты колдонуп, живопись техникасы менен тартуу сыяктуу эле илгертеден бери белгилүү болгон дагы бир абдан кызыктуу техника бар. Ал **мозаика техникасы**.

Боёктордун ордуна түстүү ташчаларды биринин артынан бирин тизип, чаптоо аркылуу сүрөттөлүштү түзүп жатканыңарды элестетип көрсөңөр. Бул техникада жаратылган чыгармаларды кылымдар, ал тургай миңдеген жылдар бою сактаса да болот.

Бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган жогорудагыдай бир нече чыгарманы карап көрөлү.

Мозаикадагы сүрөттөр негизинен храмдардын дубалдарынын бетине, кээде айрым бир имараттардын полдорун кооздоо үчүн түзүлгөн. Заманбап сүрөтчүлөр мозаикаланган сүрөттөрүн эс алуучу жайларда, үйлөрдүн сырткы бетин, коомдук имараттардын ички жасалгаларын кооздоодо колдонушат.






Орус падышасы Петр Биринчинин портретин улуу орус окумуштуусу Михаил Васильевич Ломоносов түзгөн

Мозаика үчүн ар түрдүү түстөгү каткан сырдын айнектей болгон керамикалык плиткалары, түрдүү түстөгү таштар ж. б. көп материалдар колдонулат. Мозаикадан түзүлгөн чыгармаларды жаратуу техникасы татаалыраак. Бирок бул техниканы колдонуп, силер да жөнөкөй иштерди жасасаңар болот. Келгиле, кантип жасала тургандыгын карап көрөлү.

Средняя общеобразовательная школа №86
БИБЛИОТЕКА
ИНН 0210620071022



Теодор Герцен. *Аялдар*

**Тапшырма**

Окуу китебиңердин аянтындай (17 х 23 *см* чамасында) кату тактаны даярдагыла. Ошол элѐ өлчөмдөгү эскизди түзгүлө. Бу эскизде силердин бир тутам гүлүңөр, же портрет, же силердин сүйүктүү жаныбарыңар, же силерге жаккан оюм болушу мүмкүн Даана жоон сызык менен тарткыла да сүрөтүңөрдү кооздогула.

Ушул максатты ишке ашыруу үчүн мозаикага материал чогулт кула. Алар ар кандай түстөгү бисер, суу жээгиндеги кичинеке майда таштары болушу мүмкүн. Бул максатта дагы эмнелерд колдонсо болорун ойлонобуз.


Тактаңардын бетин калыңдыгы 2–3 *мм* болгон пластилин мене жаап, аны текшилегиле. Сүрөтүңөрдүн контурун карандашты учу менен пластилиндин бетине көчүргүлө жана колуңарда ба болгон материал менен мозаиканы түзгүлө. Түрдүү каражаттард колдонуп, мозаика түзүүдө коопсуздук эрежелерин сактагыла.

7–8–9-сабактар

## Жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү оюмдардан композициялар

Декоративдик-колдонмо жасалга өнөрүндө оюмдарды түзүү үчүн сүрөтчүлөр көбүнчө бир композицияга жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү менен айкалыштырышат.


Ал ар кандай жасаларын көрөлү. Силер буга чейин өсүмдүктүн негизинде оюмдарды түзүүнүн жолдору менен таанышкансыңар. Азыр өсүмдүктөр менен жаныбарларды бириктирип, оюмдарды түзгөнгө аракет кылабыз. Чындыгында эле жаратылышта өсүмдүктөр менен жаныбарлар ар дайым бирге болот эмеспи. Мына ушул үчүн биз эң негизги бир бүтүн түшүнүктү үйрөнүшүбүз керек. Ал стилдештирүү түшүнүгү. Стилдештирүү деген эмне? Биз өсүмдүктөрдүн элементтеринин оюусун түзүп жатканда анын табиятта кандай болсо ошондой колдонуу керектигин билебиз. Бул элементтерди жалпылаштыруунун негизинде так, туура сызыктуу формалар түзүлөт.




Бул жалпылаштырууларды же трансформацияны ар бир сүрөтчү өзүнүн кесиптик табитине жараша ар түрдүү жасайт жана ал көркөм өнөрүндө **стилдештирүү** деп аталат. Ар бир улуттун салттуу көркөм-сүрөт өнөрүндө бир эле чөйрөдөгү стилдештирүү ар башка болуп калышы ыктымал. Төмөнкү мисалды карап көрөлү.

Сүрөттө оюунун бардык бөлүгү натуралдуу, өсүмдүктүн дал өзүндөй түзүлгөнү көрүнүп турат, бирок ошол эле учурда алардын мүнөзү, б. а. **стили** боюнча ар башка. Эгерде ушул эле элементтерден кайталанган чиймесин түзсөк, анда бул оюулар стили боюнча ар түрдүү болот. Бирок өсүмдүктөрдү стилдештирүү жеңил жана түшүнүктүү, жаныбарлардын жана канаттуулардын келбетинин бөлүкчөлөрүн стилдештирүү кыйла татаалыраак. Анткени алардын фигуралары татаал. Эгер айрым бөлүктөрүн жөнөкөйлөтүп жана жалпылаштырсаңар, аны да жасай аласыңар.









Кимия Төрөгелдиева. *Кечээ, бүгүн.* Курак

**Тапшырма**

Жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн элементтерин колдонуп, оюумдарын тарткыла. Циркуль, сызгычтарды колдонсоңор болот. Оюуларды түзүүдө тегерекчелерди, чарчыларды, үч бурчтуктарды ж. б. фигуралуу сызгычтарды колдонуу өтө ыңгайлуу. Оюулар сызык түрүндө толук даяр болгондон кийин гана түстөргө боёгула.

Ушундай эле тапшырманы рельеф түрүндө пластилинден же ийленген даяр чоподон аткарып кергүлө. Бул үчүн катуу тактаны алып, мозаикадагыдай кылып даярдайбыз. Ага пластилин же чопону калыңдыгы 2–3 *мм* кылып жабабыз. Андан кийин анын үстүнө өзүңөрдүн оюу-чиймеңерди түшүрүп, рельеф түрүндө аткарганга аракет кылгыла.

## Жаныбарлар жана канаттуулардын сүрөтчөлөрү түрдүү көркөм сүрөт техникасында

*1–2-сабактар*

Жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөтүн тартуунун эң жакшы жолу аны зоопаркка барып ишке ашыруу. Бирок үй жаныбарлары жана канаттуулары да сүрөтүңөргө толук объект болуп бере алат. Мышык, күчүк, тооктор, коёндор ж. б. бардыгы силердин сүрөтүңөргө натуралдуу объект болуп бере алат.

Сүрөт тартууга чын дили менен киришкиси келгендер үчүн эң маанилүү талап бар. Күн сайын сүрөт тартуунун үстүндө эң аз дегенде 10–15 минут иштөө керек. Бул силердин көрүп эске тутууңарды, баамчылдыгыңарды, сүрөтчүлүк (өзүңө гана тиешелүү) шыгыңарды өнүктүрүүгө жардам берет. Жаныбарлар жансыз объекттерден айырмаланып, ар дайым кыймылда болушат. Ошондуктан силердин көрүп эске тутууңардын жардамы керек. Көрүп эске тутууну төмөнкүдөй жолдор менен машыктырсаңар болот. Каалаган нерсени, предметти алып, аны дыкаттык менен карап, анын формасын, салыштырмалуу өлчөмүн б. а. чен-өлчөмүндөгү шайкештиктерди эстеп калууга аракеттенгиле. Андан соң ал предметти катып коюп, аны эске тутууңар боюнча тарткыла. Эгерде бир нерсеси окшошпой калганын сезсеңер, анда ал предметти дагы бир жолу карагыла. Бул жандуу объекттерди: жаныбарларды, канаттууларды жана адамдарды тартууда жардам берүүчү эске тутууну машыктыруунун эң сонун жолу.











**Тапшырма**


Ар түрдүү көркөм каражаттар (карандаш, пастель, сангина, тушь, акварель боёктору ж. б.) менен жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрүн төмөнкү ирети менен берилген үлгүлөрдүн негизинде тарткыла. Элестөөңөр боюнча композиция түзгүлө. Мисалы: тартып даярдап алган жаныбарлардын сүрөттөрүн колдонуп, пейзаж тарткыла.











## Дизайн. Дизайн деген эмне?

3–4-сабактар

«Дизайн» – англис тилинен которгондо долбоорлоо, түзүү дегенди билдирет. Биз муну **көркөм долбоорлоо** катары түшүнөбүз. Күндөлүк турмушубузда көптөгөн каражаттарды колдонобуз. Алар өзүнүн түздөн-түз аткарган кызматынан сырткары кооз да болушу керек.

Мындай нерселер эбегейсиз көп, алар жарнама такталарынан, дүкөндөрдөгү текчелерден тартып, силер сүрөт тарткан эң жөнөкөй карандаш, өчүргүчтөргө чейин. Бардык буюмдар кооз болуш үчүн аны түзүүдө сүрөтчү-дизайнерлердин эмгеги зарыл.

Сүрөтчү-дизайнерлер биз колдонуп жаткан буюмдарды кооздоп гана тим болбостон, анын формасы кооз жана колдонууга ыңгайлуу болушун да камсыз кылышат.

Балдар, дагы бир жолу дизайнерлик искусстводо  иш алып баралы. Азыр өз колуңар менен түзө турган бир дизайнердик долбоордун үстүнөн иштеп көрөлү.

**Тапшырма**

Келгиле, куттуктоо баракчасын жана конверттин көркөм долбоорун иштеп чыгалы. Бул үчүн кандай каражаттар зарыл жана эмнеден баштоо керек. Биздин долбоор эки бөлүктөн турат: куттуктоо баракчасынан жана конверттен. Биз алардын ар бирин өз алдынча долбоорлоп, бирок ошол эле учурда алардын бир композицияда экенин эсибизден чыгарбашыбыз керек.

Жумушчу планын түзөбүз.

Бизге кандай тапшырмаларды аткаруу керектигин тактайлы.


*Кутуктоо баракчасы*:


1. Куттуктоо баракчасынын мааниси (кимге арналган);
2. Куттуктоо баракчасынын формасы (сызыктуу өлчөмү);
3. Сырткы жасалгасы (сүрөт, фондун түсү жана шрифттик жасалгасы);
4. Ички жасалга (түсү, шрифттин жасалгасы);
5. Материал (кандай кагаздан жасалат).

*Конверт*:

1. Конверттин өлчөмү (куттуктоо баракчасынын өлчөмү менен дал келүүсү);
2. Формасы (барактын бүктөмдөрү)
3. Материал (кандай кагаздан жасалат).


Силерге куттуктоо баракчасы жана конвертинин стандарттарынын эң жөнөкөй үлгүлөрүн көрсөтөбүз. Иш үстүндө ушул үлгүлөрдү кайталап же өзүңөргө жаккан үлгүлөрдү ойлоп тапсаңар болот.



Кагазды куттуктоо баракчасы үчүн 20 х 21 *см* өлчөмүндө, ал эми конверт үчүн бир аз чоңураак өлчөмдө алуу зарыл. Чиймеде алардын так өлчөмү берилген.

Силер куттуктоо баракчасы жана конвертке эмнени сүрөттөө керектигин ойлоп табышыңар керек. Эгерде силер куттуктоо баракчасы жана конвертти түзүүдө өзүңөрдүн варианттыңарды сунуштасаңар, анда жөнөкөй баракка болжолдуу эскизин окуу китебиндеги куттуктоо баракчасы жана конверттин көлөмүндөй кылып түшүргүлө.




## Плакат


*5–6-сабактар*

Плакат бул – кулактандыруу же афиша. Ал адатта ар кандай темадагы кандайдыр бир кыска маалыматтарды берүүдө колдонулат. Тематикалык багыттары боюнча плакаттар өтө эле ар түрдүү болот.

Жарнамалык багыттагы плакаттар товарларды, тейлөө кызматтарын, фильмдерди, спектаклдерди ж. б. жарнамалайт. Ал эми саясий плакаттар үгүттөө багытын көздөйт, ошондой эле жаратылышты коргоо жөнүндө плакаттар ж. б. у. с. Плакаттар көбүнчө чоң өлчөмдөгү кагазга же үстүнө жазуу жазыла тургандай болгон ар кандай материалдарга жазылат.

Плакаттар убактылуу мүнөзгө ээ болгондуктан алар бат-баттан алмаштырылып турат. Ошондуктан сүрөтчүлөр плакаттагы сүрөттүн жана маалымдоочу тексттин негизги маанисин ачып берүүдө өтө жалпыланган аз каражаттарды жумшап сүрөттөп берүүгө



аракеттенишет. Ушуну менен бирге чоң таасирдүүлүккө ээ болууга умтулушат. Мындай ишти аткаруу оңойго турбайт.

**Тапшырма**

Жаратылышты коргоо жөнүндө плакатты аткарып көргүлө. Бул тапшырманы аткаруу үчүн сүрөтүн жана ага жазылуучу сөздөрдү ойлоп тапкыла. Плакатка сөздөрдү канчалык аз колдонсоңор, ошончолук жакшы болот. Аткаруу техникасы ар түрдүү болушу мүмкүн. Бирок ар кыл ыкмаларын аралаштырбаганга аракет кылгыла. Мисалы, эгерде акварель менен боёп жаткан болсоңор, анда гуашты колдонбогула же тескерисинче, эгер гуашь менен тартып жатсаңар, анда аягына чейин гуашты гана колдонгула.

Плакатта аппликация ыкмасы көп колдонулат. Силер да бул ыкманы колдонсоңор болот.



## Дубал гезити кандай жасалат

*7–8–9-сабактар*

Дубал гезитти даярдоо – кызыктуу жана чыгармачыл иш. Айрыкча, майрамдарга арналган дубал газеталар. Жакында жаңы жыл, майрамдык дубал гезитти чыгаруу класс үчүн, а түгүл бүтүндөй мектеп үчүн да кубанычтуу окуя болсо керек.

Дубал гезитти класстагылардын бардыгы менен бир мезгилде чыгаруу мүмкүн эмес. Бирок ар бириңердин кандайдыр бир деңгээлде жардам кылып, иштин бөлүгүн аткарууга мүмкүнчүлүк түзүүгө болот. Биринчи кезекте редакциялык жамаат түзүү керек. Анда силердин классыңардагы активдүү 6–7 окуучу болушу мүмкүн. Анын ичинен бир окуучуну гезиттин редактору кылып тандап алууңар керек. Редакциялык жамаат дубал гезит кандай болорун, мугалимдерден жана улуулардан жардам керектигин пландоолору керек. Анда класстагы ар бир окуучу кандайдыр бир ишти аткаргыдай болуусу шарт. Эгерде ар бири гезитке сүрөттөрдү, аңгемелерди же ырларды даярдашса, андан да жакшы болот. Анан бул материалдарды карап чыгып, гезиттин беттерине жайгаштыруу зарыл. Бир ватманга бардык материалдардын батпасы белгилүү, ошондуктан бир нече ватманга жайгаштырууга болот. Чогулган материалдарды баары бир бүтүн маанини бергидей кызыктуу жана салтанаттуу көрүнгүдөй кылып даярдагыла. Ар бир окуучу гезитти кантип коздоо тууралуу, темаларын кантип жазуу тууралуу өз ойлорун айтсын.

Азыр ишке киришкиле да гезиттин негизги темасын эсиңерден чыгарбагыла. Гезитти жаңы жылга чыгарып жетишиш үчүн убакытты туура бөлүштүргүлө.

# Жаңы жылыңар менен!





## Адамдын тулку боюн кандай тартуу керек

*1–2-сабактар*

Адамдын тулку боюн тартуу – көркөм сүрөт өнөрдүн эң оор тапшырмаларынын бири. Биз анын эң негизги эрежелерин өздөштүрүүгө аракет кылабыз.

Дегеле, адам денесинин формасын, чен-өлчөмдөрүнүн шай-кештигин окута турган «пластикалык анатомия» деген илим бар. Анын айрымдары менен «Портрет» темасында таанышкансыңар. Азыр ал билимдерди бир аз кеңири өздөштүрөбүз.








Адам денесинин түзүлүшүн кайсы чекиттен, кандай бурчтан караганыбызга жараша анын пропорциясы өзгөрүп турат. Мында түз сызыктуу перспективанын закону өз таасирин тийгизет. Эгерде фигуранын бир же бир нече мүчөлөрү, бут же кол силерге жакыныраак болсо, аны чоң кылып көрөсүңөр, эгерде алыс болсо, кичирээк. Адамдын фигурасын ар кандай абалда сүрөткө тартууда атайын манекенди колдонуу талапка ылайык.

Силерге адамдын денесинин анатомиясын терең өздөштүрүүнүн деле кажети жок. Силерде төмөндөгүдөй манекендер болушу керек. Аны көчүрүп алып, андан тарткыңар келген адамдын абалын сүрөттөп тартсаңар болот. Ошондой эле силер ушундай сү-

рөттөлүштөргө кийимдерди дагы тартсаңар болот. Алгач ушундай нерселерди аткаруу адамдын фигурасын тартууну үйрөнүүде жетиштүү болот.







**Тапшырма**

Кышкы каникулда көрүп байкаган, а балким, өзүңөр бирге ойногон оюндарга «Кышкы оюндар» деген темада композиция түзгүлө. Алгач Мырза Оморкуловдун «Биринчи кар» деген чыгармасында акварель менен кышкы түстөрдүн жана тегиздикте мейкиндиктин тереңдигин кандай сүрөттөлгөнүнө көңүл бургула. Эми жөнөкөй карандаш менен эскизин тартып алгыла. Перспектива тууралуу билимиңерди колдонуп, мейкиндиктин тереңдигин сүрөттөп берүүгө аракет кылгыла.



Мырза Оморкулов. *Биринчи кар*

## Модель менен иштөө

*3–4-сабактар*

«Модель менен иштөө» темасына кайры-луудан мурда дизайнер-сүрөтчүлөр заманба[п] шартта кандай иштешерин карап көрөбүз.


Мурда, компьютерлер жок мезгилде сү-рөтчү-дизайнерлер жана архитекторлор бүтүндөй долбоорду[у] чиймеден баштап, долбоорлонуп жаткан нерсенин жалпы кө-рүнүшүнө чейин тушь, акварель ж. б. у. с. каражаттарды пайдала-нып, кол менен тартышкан. Азыркы убакта долбоорду көбүнч[е] компьютерде жасашат. Компьютер сүрөтчү-дизайнерлер мене[н] архитекторлордун ишин өтө жеңилдетти. Компьютердин жардамы[ы] менен долбоорлонуп жаткан нерсенин ар кандай сүрөтүн алууга анан кемчиликтерин оңдоого, түстөрүн алмаштырууга болот. Компьютер азыр даяр чиймелерди жана сүрөттөрдү ар канда[й] масштабда принтерден чыгарып бере алат.

Бирок долбоорлонуп жаткан буюмдун макетин түзүү зарыл-дыгы бар, себеби чоң моделден жасалып жаткан буюмдун же-тишпеген жактары жана артыкчылыктары даана көрүнөт.

Анча чоң эмес буюмдардын моделин, мисалы, идиш-аяк-тардын же анча чоң эмес турмуштук техникаларды өзүнүн чы-ныгы өлчөмүндөй кылып даярдашат. Бирок автоунаалардын кемелердин, учактардын жана башка ушуга окшогон нерсе-лердин моделдерин иштөөгө ыңгайлуу болгон кичирейтилге[н] өлчөм менен жасашат.

Моделдерди жасоодо бардык салыштырмалуу өлчөмдөрдү берилиштерди долбоордо, тактап айтканда, чиймеде так сакто[о] абдан маанилүү. Моделдерди ар кандай материалдардан (кагаз-дан, жыгачтан, пластилинден синтетикалык материалдардан гипстен, темирден ж. б.) жасаса болот.

Силер заводдогудай ыкма менен сувенир катары жасалган унаалардын моделдерин сатыктан көп эле көрүп жүрөсүңөр. Бул моделдерди темирден же желимден даярдашат. Биз силер менен унаанын моделин кагаздан жасап көрөлү. Силер азырынча унаанын татаал чиймеси менен иштей албайсыңар, ошондуктан биз даяр чиймелерди колдонобуз. Мындан сырткары ушул сымал өзүңөргө жаккан нерселерди сүрөттөп, чиймесин чийип даярдасаңар болот.



**Тапшырма**

Бул тапшырма бир аз башкачараак. Бул компьютер менен тааныштыкты талап кылуучу тапшырма.

Компьютер классына барып, компьютерлерди иштеткен оператордон интернеттен модель жөнүндө материалдарды таап берүүсүн өтүнгүлө. Бир нече жөнөкөй унаалардын моделин, чиймесин тандап алгыла. Жаккан бир-экөөнү түстүү принтерден классыңарда канча окуучу болсо, ошончо барак чыгарып алгыла. Чийменин жайылмасындагы өлчөмдөр сүрөт альбомуңардын өлчөмүнөн чоң болбоосу керек. Эгерде ар бир окуучуга чийме жетсе, калган ишти класстан же үйдөн жасаса да болот.

Силер чиймеңерди калың кагазга же картонго чапташыңар керек. Ал үчүн жазы кыл калем менен чийменин арткы бетине желимди тегиз жайып туруп, чиймеден бир аз ашырып чоңураак болгон картонго же калың кагазга чаптагыла. Үстүнөн жука баракчаны коюп, желимдөө тегиз, аба көбүктөрү калбас үчүн жумшак губка же салфетка менен сыдырып чыгуу керек. Кургатыш үчүн бир аз коё тургула. Чиймеде кайсы жерин бүктөп, кайсы ашыкча бөлүкчөлөрүн кесүү керектиги даана көрсөтүлгөн. Буларды аткаргандан кийин биригүүчү жерлерди кылдат желимдегиле.

Жасалган бардык моделдерди катарга тизгиле да, аткарган ишиңердин сапаттын талкуулагыла. Кимдики мыкты аткарылды?




## Китеп искусствосу

*5–6–7–сабактар*

Адам баласынын жаралгандан берки тарыхындагы жараткан буюмдарынын ичинен эң мыктысы – бул китеп. Биз китепсиз алгачкы коомдогу адамдардын өнүгүү деңгээлиндей эле болуп кала бермекпиз.

Адамзаттын илим, искусство жана маданият тармагындагы жетишкендиктеринин бардыгы китепке байланыштуу. Азыр дагы силер ушул китептин жардамы менен көркөм өнөр чеберчилигинин сырларын үйрөнүп жатасыңар. Китепсиз бул ишти жасоо мүмкүн эмес эле.

Китеп – бул комплекстүү система. Аны көп позициядан караса болот. Биз китепти үч позициядан карап көрөлү.




Биринчиден, китеп – буюм сымал, анын физикалык түзүлүшү төмөнкүчө: китептин мукабасы, блогу, корешогу, өлчөмдөрү жана башкалар.

Экинчиден, китеп адамдардын өз ара баарлашуу каражаты катары каралат.

Үчүнчүдөн, китеп – бул искусствонун каражаты.

Китептин бизге мына ушул үчүнчү багыттагы колдонулушу кызыктырат, себеби биз аны көркөм өнөр чеберчилигинин негизинде карайбыз. Байыркы заманда китепти колго жазышкан. Алар жалгыз нускадан жасалган. Алар падышаларда жана эң бай адамдарда гана болгон. Китепти басып чыгарууну ойлоп тапкандан кийин басмаканаларда бир китепти бир нече нускада даярдоо мүмкүн болгон. Ошондон улам китеп көптөгөн адамдардын энчиси болуп калды. Китеп аркылуу адамдар бири-бири менен тажрыйба алмашышат, илим-билимдерин сактап, болочок муундарга берип келет.




Китеп бир гана автордун чыгармачылыгы болбостон, ал көптөгөн адамдардын: жазуучулардын, сүрөтчүлөрдүн, дизайнерлердин, басуучулардын, мукабачылардын ж. б. эмгегинин натыйжасы. Алар китептин кооз, сапаттуу жана колдонууга ыңгайлуу болушуна кам көрүшөт. Китеп менен баарлашкан ар бир колдонуучу анын түзүлүшүн билиши керек. Келгиле, биз да аларды билип алалы.


Китептин өлчөмдөрүн **формат** деп атоо кабыл алынган. Китептин форматтары ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок алардын стандарты бар. Байкасаңар керек, бардык мектептердеги бир сабактын китептери окшош жана көлөмдөрү бирдей.

Китептин кооз, сапаттуу жана колдонууга ыңгайлуу болушу үчүн анын бардык нерселери тиешелүү тартип менен, бир стилде жана текстке жараша жасалышы керек.

Китепте текст менен бир катар сүрөттөр, фотосүрөттөр жана көптөгөн графикалык материалдар жайгаштырылат. Бул материалдардын бардыгын биз **иллюстрациялар** деп атайбыз.





А. Абдылдаев. *Мукаба*




А. Багдасарян. *Мукаба*

Биз дагы окуган бир жомокко китептин барактарынан көрүн-гөндөй кылып иллюстрация даярдап көрөлү.




А. Биймырзаев. *Балдарга*





Б. Жайчибеков. *Табышмактар*



Владимир Сутеев. *Доктор Айболит*

**Тапшырма**

Өзүңөр жаккан жомоктун бирөөсүн тандап эки сүрөт тарткыла. Бир сүрөт мааниси боюнча экинчисин уланткыдай болсун. Сүрөттү каалаган техника (карандаш, акварель же гуашь) менен аткарсаңар болот.




З. Мидинова. *Бал курсак*


## Музейлер жана көргөзмөлөр

*8–9-сабактар*

Байыркы замандан азыркы мезгилге чейин адам баласы коомду өнүктүрүүдө чоң роль ойноГон көптөгөн көркөм чыгармаларды жаратышкан. Биз алар тууралуу кантип билебиз? Алар кайда сакталган? Бардык мыкты көркөм чыгармалар сактоого муктаж, ошол эле учурда аны каалаган адамдар көрүп туруулары зарыл. Бул милдетти музей өзүнө алат.

Бардык өлкөлөрдө жана бардык чоң шаарларда ар түрдүү багыттардагы музейлер иш алып барышат. Алар: тарых, этнография, география жана башка багыттагы музейлер. Алардын ичинде живопись, графика сүрөттөрү, скульптура, көркөм колдонмо жасалга өнөрү боюнча эмгектер сакталган искусство музейи бар. Буга мисал катары Бишкектеги Г. Айтиев атындагы кыргыз улуттук көркөм сүрөт исскуство музейи – кыргыз элинин көркөм чыгармаларынын казынасы. Анда кыргыз элинин чыгармачыл өнөр инсандарынын чыгармалары менен бирге дүйнө элдерине таанымал өнөр инсандарынын чыгармалары бар. Дүйнө жүзүндө мындай музейлер көп. Искусствого кызыккандардын ар бири билген да музейлер бар. Искусство музейин кээде сүрөт галереясы деп аташат. Биз алардын арасындагы эң чоңдору менен таанышып көрөлү.


Мындай белгилүү музейлердин бирөө Франциянын борбору Париж шаарында жайгашкан. Ал Лувр Дворец-музейи деп аталат. Анда көптөгөн живопись чыгармалардын арасында бүткүл планетадагы элдер билген бир сүрөт сакталат. Ал сүрөт «Джоконда» же «Моно Лизанын портрети» деп аталат. Бул сүрөттү улуу сүрөтчү Леонардо да Винчи тарткан. Бул тууралуу силер кийинчерээк дагы көп жолу угасыңар.



Валерий Ким. *Эскерүү: Токтогул*




Бектен Усубалиев. *Оюн*




Леонардо да Винчи. *Джоконда*

Дагы бир атактуу музей Россия Федерациясынын Санкт-Петербург шаарында жайгашкан «Эрмитаж» музейи. Бул музейде да көптөгөн атактуу чеберлер аткарган чыгармалар сакталат. Алардын бири голландиялык сүрөтчү Винсент Ван Гогдун «Аусвирстеги кыштак көчөсү» жана «Жылдыздуу түн» аттуу чыгармалары.

Винсент Ван Гог. *Аусвирстеги кыштак көчөсү*





Винсент Ван Гог. *Жылдыздуу түн*

Германияда искусство музейлери менен атагы чыккан Дрезден деген шаар бар. Бул шаарда Дрезден сүрөт галереясы орун алган. Китебиңердин бетиндеги силер көрүп турган сүрөт Дрезден сүрөт галереясындагы картиналардын бири Рафаэлдин «Сикстиндик Мадонна» деген чыгармасы.



Рафаэль Санти. *Сикстиндик Мадонна*

Мындай музейлер дүйнөдө көп.

Адамдардын маданий жашоосунда биздин күндө жаратыл-ган эмгектер менен тааныштыруу үчүн мезгил-мезгили менен уюштурулуучу көргөзмөлөр бир кыйла маанилүү роль ойнойт. Мындай көргөзмөлөрдү музейлер жана маданий коомдук уюмдар уюштурса болот. Көргөзмөнү уюштуруу үчүн жакшы жарык-тандырылган жана тиешелүү шарттары бар атайын көргөзмө залдары бөлүнөт.

Ар бир искусствону сүйгөн, маданияттуу болууну эңсеген адам музейлерге, көргөзмөлөргө бат-баттан барып туруусу керек.

Музейге, сүрөт галереясына экскурсия уюштургула. Ал жер-ден көп кызыктуу нерселерди, эң башкысы – чыныгы сүрөтчүнүн эмгегин көрө аласыңар.

**Тапшырма**

*Элдик майрам Нооруз темасына композиция*

Элибизде Нооруз майрамын кантип майрамдап жатканын байкагыла. Бул тема боюнча композиция түзүү үчүн бир нече эскиздерди түзгүлө. Эскиздерди мугалимиңер менен бирге талкуулагыла. Бул тема боюнча анча чоң эмес сүрөттөрдү тартып, класста жасаган иштериңердин кароо сынагын уюштуруп, мык-тыларын музейдеги экспонаттар сымал жасалгалап, көрүүчүлөргө тартуулагыла.

## Живопистеги перспектива тууралуу

*1–2-сабактар*

Жаратылыштын көп кырдуулугун, жакынкы жана алыстагы объекттерин, үйлөрдү, адамдарды, асманды, булуттарды ж. б. сүрөттөп чагылдыруу үчүн аны дыкаттык менен жана узак убакытка окуп, үйрөнүү керек.

Көпчүлүк сүрөтчүлөр өмүр бою жаратылыштын өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүшөт. Мындай өзгөчөлүктөр абдан көп. Буга сызыктуу перспективанын негизги закондорун билүү кирет.

Перспектива жөнүндө сөз кылганда биз мейкиндиктин тереңдиги жөнүндөгү түшүнүктү элестетебиз. Бирок биз сүрөттү тегиздикте тартабыз жана жазабыз. Кагаздын бетинде же полотнодо эч кандай мейкиндиктин болушу мүмкүн эмес. Бирок чыныгы сүрөттү көрүп жаткан учурда силерге жакындагы же алыстагы мейкиндикти көрүп жаткандай, чагылдырылып жаткан нерсенин формасын, кээде ал тургай абаны да туюп жаткандай сезилет. Мунун бардыгы иллюзия, б. а. бул мейкиндик жөн гана элестөө. Сүрөттөгү мейкиндик жана тереңдик – бул болжолдуулук. Мындай иллюзияны түзүү үчүн перспектива деп аталган илимди билүү керек.

Перспектива – бул тегиздикте мейкиндикти түзүү жөнүндөгү илим, тагыраак айтканда, мейкиндикти сезүүнү түзүү.


Силерде перспектива жөнүндө кандайдыр бир деңгээлде элестете билесиңер. Мисалы: силерге деңгээл сызыгы деген түшүнүк тааныш. Бул сызык мейкиндиктин тереңдигин түзүү үчүн негизги каражат. Ошондой эле деңгээл сызыгы дайыма биздин көзүбүздүн деңгээлинде, т. а. биз байкоо жүргүзүп жаткан деңгээлде болорун билесиңер. Деңгээл сызыгы – бул асман менен жерди бөлүп турган сызык экендиги жөнүндө жогоруда айтылды. Бул мейкиндикти күн ачык болгон учурларда гана көрө алабыз. Кээде бул сызыкты көрө албайбыз, анткени аны тоолор, үйлөр, бак-дарактар ж. б. жаап калат. Бирок буга карабастан ал дайыма, азыр силер партада отуруп, ушул китепти окуп жаткан учурда да бар.

Муну билүү абдан маанилүү, айрыкча, силер интерьер жана натюрморт тартып жаткан учурда, ошондой эле пейзаждык живописте да бул абдан маанилүү.





Перспективанын негизги закон ченемдүүлүктөрүндө бардык нерселер (объекттер) байкоочудан алыстаган сайын кадыресе эмес түрдө кичирейет. Албетте, бизге алар жөн эле кичирейген сыяктанып көрүнөт. Эгерде жаратылыштын ушундай сезилген көрүнүшүн сүрөттүн тегиздигинде берсек, анда мейкиндиктин тереңдигинин иллюзиясы келип чыгат. Мейкиндиктеги бардык реалдуу чоңдуктагы объекттер бизден алыстаган сайын кичирейет, т. а. өлчөмдөрү кыскарат. Ошондуктан бул кубулушту **кыскартуу** деп айтабыз. Бул кубулуш өзгөчө архитектурада, шаардын курулуштарында, көчөлөрүндө, үйлөрүндө жана башкаларында даана көрүнөт.

айкоонун бийик
екити




айкоонун орто
екити




Байкоонун жапыз
екити





Перспективанын курулушунда байкоо жүргүзүү чекити чоң
ааниге ээ. Ал өйдө же төмөн болушу мүмкүн. Байкоо чекити
ийик болгон сайын мейкиндикти көбүрөөк көрөбүз, же тес-
ерисинче. Мисалы, эгерде биз тоого чыксак, тоонун этегине
араганда жогору жагынан мейкиндикти көбүрөөк көрөбүз.
еометриялык фигураларга тиешелүү болгон перспективанын
ардык курулуштары, мисалы, үйлөр, мейкиндикте бир законго
аш ийет. Курулуштардын параллель сызыктары дайыма деңгээл
ызыгында бир чекитте биригишет. Бул чекит биз байкоо жүргүзүп
аткан чекит болушу шарт эмес, берилген объекттер деңгээл
ызыгына карата кандай бурчта жайгашкандыгынан көз каранды.
ул чекиттерди кошулуу чекиттери деп атайбыз, алар дайыма
еңгээл сызыгында жайгашат.



Перспективанын дагы бир өзгөчөлүгү нерсенин көлөмдүүлүгү болуп эсептелет. Көлөм деген түшүнүк нерсенин тереңдигин билдирет.

**Тапшырма**

Бул тапшырма үчүн жаратылышка экскурсия уюштуруу зарыл. Ал үчүн үйлөр, бактары бар орун тандалат. Ошондой эле алыскы тоолор жана дөбөлөр да жакшы көрүнүп тургудай болушу керек. Перспектива жөнүндө сабакта алган билимиңерди пайдаланып, жазгы пейзажды чагылдырган бир нече сүрөттөрдү тарткыла. Үйүңөргө барганда тарткан сүрөттөрдү колдонуп, мейкиндиктин тереңдиги көрүнгүдөй композицияны түзгүлө. Эске ала турган дагы бир нерсе. Алдыңкы пландагы нерселерди (объекттерди) алыста жайгашкан нерселерге караганда так, даана, интенсивдүү тартуу керек. Силердин композицияңарды жөнөкөй карандаш менен тарткандан кийин бул сүрөттү түстөр менен боёгонго аракеттенгиле.

## Жашоо-турмушубуздун мейкиндигинин эстетикасы

3–4-сабактар

«Эстетика» деген сөз баамдап сезүү деген маанини билдирет. Эстетика – бул искусство, көркөм чыгармачылык жөнүндөгү илим.

Өзүбүз жашаган мейкиндиктин эстетикасы тууралуу сөз кылганда, жашаган чөйрөбүздү көркөмдөп уюштурууну элестетебиз. Бул көркөм уюштурууга турак-жайлар, гүлбактар, жолдор, эстеликтер, башкача айтканда, биздин жашоо-чөйрөбүз эмнеден түзүлсө, ошолордун бардыгы кирет.

Адамдар байыртан эле жашаган жери кооз жана ыңгайлуу болушуна кам көрүп келишет. Ошондуктан архитекторлор үйдүн долбоорун түзөрдө мейкиндиктеги үйдү курчап турган бардык элементтерди бири-бири менен шайкештикте, эстетикалык кооз көрүнгөндөй курууга аракет кылышат. Кооз жана ыңгайлуу чөйрөдө адам өзүн жакшы сезип, чыгармачылык менен эргип, жагымдуу, жеңил иштөөгө шарт түзүлөт. Чөйрөнү түзүүгө жергиликтүү шарттар, улуттук салттар, мезгилдин талаптары таасирин тийгизет.

Мисалга боз үйдү алалы. Бул көчмөн калктардын жашаган турак-жайы. Ал ачык мейкиндикте көчмөндөр менен табияттын байланышы чечүүчү мааниге ээ болгон, бир орундан экинчи орунга көчүп-конуп жашаган калк үчүн ыңгайлуу болгон формада ар кандай фундаментсиз жерге эле курулган. Тегерек формадагы төрөгү кайыш боолор менен байланып-тордолуп, жыгачтан жасалган кереге, ууктардан түзүлөт. Үстүнөн койдун жүнүнөн жасалган кийизден тигилген үзүк, туурдуктар менен жабылат. Кийиз жабуулар жылуулукту жакшы сактап, боз үйдүн ички жасалгасын көрктүү кылып турат.

Бардык эле үйдүн же имараттын сырткы көрүнүшүн **экстерьер** деп аташат. Боз үйдүн сырткы көрүнүшү анын экстерьери болуп эсептелет. Ал эми ички көрүнүшү силерге маалым болгондой **интерьер** деп аталат.

Кийиздерди жасоо да мал чарбачылыгы менен алектенген калктын өзүнчө бир көркөм салт-санаасы болуп эсептелет. Кийизден жасалган буюмдарга кооз оюулар түшүрүлүп, боз үйдүн көркүн арттырып, салтанаттуу улуттук стилди баса белгилеп, элдин жашоосунун маанилүү атрибуту болуп келет. Көптөгөн элдер бүгүнкү күндө да боз үйлөрдү колдонуп келишет.






**Тапшырма**

*Кийиз буюмдарда көп кездешүүчү кыргыздын улуттук оюусунун аткарылышы.*

Силер оюмдардын түрлөрү менен таанышсыңар жана жөнөкөй оюуларды тартып көргөнсүңөр. Бул оюу бир аз татаалыраак, бирок аракет кылсаңар муну да тарта аласыңар.

Сүрөттөрдө кантип тартуу керектиги көрсөтүлгөн.



# Сүрөтчү жана театр искусствосу

5–6–7-сабактар

Театр искусствосу биздин жашообузда маанилүү орунду ээлейт. Театрлар дүйнө жүзүнүн бардык өлкөлөрүндө, бардык шаарларында бар. Театрсыз бир дагы эл болбойт.

Театр – бул спектакль, оюн-шооктор. Ал көрүүчүлөр үчүн залдары жана артисттер, музыканттар чыгып ойной турган сахнасы бар атайын курулган имараттарда, сарайларда өтөт.





Муса Жангазиев атындагы Кыргыз мамлекеттик куурчак театры

Театр искусствосу – бул бир эле мезгилде искусствонун көп түрүнүн: драмалык искусство (бул артистердин сахнада сценка ойноосу), музыкалык, бий жана көркөм өнөр искусствосунун айкалышы.


Театр искусствосунда сүрөтчүлөр маанилүү ролду ойношот. Алар сахнаны жасалгалашат, спектакль үчүн керектүү декорацияларды жасашат, каармандардын кийимдерин ойлоп чыгышат. Ал тургай *«театр сүрөтчүсү»* деген кесип бар. Ал жакшы сүрөтчү, живописчи болуу менен бирге искусствону жакшы билип, ар кандай элдердин жашоо турмушун жана кийимдерин жакшы айырмалап, сахна искусствосунун өзгөчөлүктөрүн жакшы билиши керек.

Театр искусствосунун түрү жана жанрлары ар түрдүү. Алар драмалык, опералык, бий спектаклдери жана балдарга абдан жагуучу куурчак спектаклдери. Куурчак театрында сүрөтчү сүрөт гана тартпастан куурчак да жасайт. Куурчактар канчалык көркөм болсо, куурчак спектакли ошончолук ийгиликтүү болот.

Куурчактардын түрлөрү көп: марионеткалар, петрушкалар, жип куурчактар, көлөкөдө ойноочу куурчактар ж. б. Бардыгынан эң жөнөкөйү «Петрушка» куурчагы. Аны жеңил эле жасоого болот.







Театралдык искусствонун сүрөтчү-чеберлеринин иштерин карайлы.




Көшөгөнүн артында иштеп жаткан актёрлор



Ч. Айтматовдун *«Кылымга тете бир күн» спектаклинен. Томого*



Гауф. *Акылман Калиф*



В. Федоров. *У. Шекспирдин «Король Лир» декорациясынын эскизи*



Александр Бенуа. *«Петрушка» декорациясынын эскизи*



Александр Головин.
*М. Лермонтовдун «Маскарад» драмасына костюмдардын эскиздери*



Ара Багдасарян. *У. Шекспирдин «Кеп иштин натыйжасында» драмасына костюмдардын эскиздери*

**Тапшырма**

Куурчак театры үчүн куурчак ойлоп тапкыла да, аны жасагыла. Алгач анын эскизин түзгүлө. Куурчактын кандай материалдан жасаса жеңил боло турганын ойлонгула. Пенопластты, чүпүрөктү, жиптерди, жумуртканын кабыгын, кебез, боёкторду колдонсоңор болот. Куурчактын кулк мүнөзүн баса белгилеп жасоо маанилүү (ак көңүл, ачуулуу, куу, макоо д. у. с.). Жасап бүткөндөн кийин кимдики жакшы жасалганын салыштыргыла. Өзүңөрдүн эскизиңердин жана куурчактарыңардын көргөзмөсүн уюштургула.









## Көргөзмөгө сүрөттөрдү кантип даярдоо керек

8 – *сабак*

Түстүү калемдер, акварель же гуашь менен сүрөт тартууда кагаз тегиз болбой кайрылып, сүрөт жарашыктуу болуп көрүнбөй калат. Аны түздөөнүн эң оңой жолу сүрөттүн арткы бетин нымдуу губка менен сүртүп, эки катуу картондун ортосуна салып, үстүнөн оор нерсе менен бастырып коюу керек.

Мисалы, китеп менен бастырса болот. Бир аз убакыт өткөндөн кийин сүрөт түзөлгөндө аны алып алкакка (рамкага) салуу керек.

Алкак – бул сүрөттөр жана графикалык иштелмелер үчүн жазы картондон жасалган калып. Ал эки бөлүктөн турат: өзөгү жана көзөнөгү. Көзөнөгүн сүрөттүн өлчөмү менен четтерин жарым сантиметр ашып жапкыдай кылып кесиши керек.





Көзөнөктүн жээктеринин өлчөмү сүрөттүн өлчөмүнөн көз каранды. Мисалы, альбомдун барагындай болгон сүрөт үчүн терезенин жээктерин 7 + 7 + 7 + 8 *см* кылса болот.

Сүрөттү карагыла. Сүрөттү арткы бетинен жабышкак тасманын жардамы менен алкактын көзөнөкчөгүнө чапташат. Андан кийин аны алкактын өлчөмүндөй болгон калың картонго чапташат.





Ушундай жасаланган көрүнүштө сүрөт көргөзмөгө койсо болот. Сүрөт таасирдүү көрүнүп, кир болуп чаңдабасын десеңер алкакты айнектин астына койсо да болот. Айнек алкактын өлчөмүндө кесилип алынат. Айнектүү алкактын атайын жасалган көзөнөккө коюлат же атайын кыпчыткычтар менен карматылат.

Сүрөтчүлөрдүн кичинекей жана чоң живопистик полотносун рамкага киргизип коюшат. Рамкалар ар кандай оймолору бар же оймосуз эле лакталган же алтын жалатылган ар кандай формадагы багеттен даярдалат. Мындай багетти жыгач иштетүүчү фабрикаларда, көркөм-өнөр мастерскойлорунда жасашат.

Эгерде музейге же сүрөт көргөзмөсүнө барсаңар аларды өз көзүңөр менен көрөсүңөр.

# МАЗМУНУ

Урматтуу биздин жаш достор!..........3

**I чейрек**

*1–2-сабактар*
«Түшүм» натрюморту..........5
*3–4-сабактар*
Чен-өлчөмдөгү шайкештиктер. Масштаб жөнүндө түшүнүк..........11
*5–6-сабактар*
Мозаика жөнүндө..........16
*7–8–9-сабактар*
Стилдештирүү..........19

**II чейрек**

*1–2-сабактар*
Жаныбарлар жана канаттуулардын сүрөтчөлөрү түрдүү көркөм сүрөт техникасында..........22
*3–4-сабактар*
Дизайн. Дизайн деген эмне?..........27
*5–6-сабактар*
Плакат..........30
*7–8–9-сабактар*
Дубал гезити кандай жасалат..........32

**III чейрек**

*1–2-сабактар*
Адамдын тулку боюн кандай тартуу керек..........34
*3–4-сабактар*
Модель менен иштөө..........38
*5–6–7-сабактар*
Китеп искусствосу..........41
*8–9-сабактар*
Музейлер жана көргөзмөлөр..........46

**IV чейрек**

*1–2-сабактар*
Живопистеги перспектива тууралуу..........53
*3–4-сабактар*
Жашоо-турмушубуздун мейкиндигинин эстетикасы..........57
*5–6–7-сабактар*
Сүрөтчү жана театр искусствосу..........59
*8-сабак*
Көргөзмөгө сүрөттөрдү кантип даярдоо керек..........67

Мукабанын биринчи бетинде

Т. Курмановдун «Каныкей» чыгармасы

Окуу басылмасы

**Акматов Дамирбек, Багдасарян Ара**

**КӨРКӨМ ӨНӨР**

*Башталгыч мектептин*
*4-классы үчүн окуу китеби*

Редактору *С. Дуулатова*
Көркөм редактору *Д. Тимур*
Дизайнерлери *А. Акопян, Б. Тимуров*
Тех. редактору *В. Крутякова*
Корректору *Н. Эсенаманова*

Терүүгө 10.06.2015-ж. берилди. Басууга 10.08.2015-ж. кол коюлду.
Форматы 70Х100$^{1}/_{16}$. Офсет кагазы № 1. «Calibri» ариби.
Көлөмү 4,5 физ. б. т. Нускасы 69 417. Заказ № 27

«Билим-компьютер», «Зангак-97» басмаларында даярдалды.

«Билим-компьютер» басмасы
Бишкек ш., Горький көчөсү, 1/2, 701

«Зангак-97» басмасы
Ереван ш., пр. Комитаса 49/2

«ST. art LTD» ЖЧК типографиясында басылды.
Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү, 199-46.